ИНН 02207200310192
№ 161
«04» 11 2022 г.

**К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 2022-жылдын 1-сентябрынан 30-октябрына чейинки аралыкта соц педагогдун аткарган иши боюнча маалымат .**

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде соц педагог жана класс жетекчилер "Жол кырсыктарынан алдын алуу боюнча өтүлө турган Көңүл бургула! Балдар! " деген темада төмөнкү класстын класс жетекчилерине ачык тарбиялык сааттар өтүлдү жана дубал газеталар чыгарылып жөө жүрүш уюштурулду. Башталгыч класстын 3-ажана 3-б, 4-класстарына коюлду. Сабактар көргөзмөлүү, өзгөчө даярдык менен өтүлдү.Окуучуларга жол кырсыктарынын себептери, жол эрежесин так билбегендигинен келип чыгары,ар күн сайын кочөнү же жолду кесип өтүү менен жол кыймылынын катышуусу болорубузду, ошондуктан жол эрежесин билүү өтө зарыл экени ,жол эрежесин бузуу өлүмгө , майыптыкка жана мамлекетке материалдык жактан чоң зыян алып келери жөнүндө түшүнүк берилди.Андан сырткары мугалимдер жолдогу эскертүүчү жол белгилери менен тааныштырышты. Окуучулар жол эрежеси боюнча жаттаган ырларын айтышып, класста жасалган жолдо,айдоочунун ,жүргүнчүнүн милдетин аткарып беришти. Жол кыймылын байкап турган топтор жол үстүндө кетирген каталарын айтып, эрежесин эскертишти. Башталгыч класстардын сабактары эң жакшы деп бааланды .1-11-класстын ар бир окуучусу коопсуздук депренне "Жолдо жүрүү эрежеси менен тааныштым" деп кол коюп беришти.

Сабакты себепсиз калтырган окуучулардын үйлөрүнө класс жетекчиси жана соц педагог,ЖЖӨИИру менен бирдикте 10-класстын окуучусу Турогельдиева Айдинанын жана 5-класстын окуучусу Карыпбеков Нуржаннаттын жана 7-класстын окуучусу Картбаев Алибектин үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү.

Тобокел тобундагы окуучулардын тизмелерин толуктап, тизмедеги төмөнкү окуучулардын үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү.Мырсалиев Адилет,Карыпбеков Нуржанат,Турогельдиева Айдина ушул аты аталган окуучулардын үйлөрүнө соц педагог жана класс жетекчилер барып акт жана көрсөтмө толтурулду андан сыркары башка класс жетекчилер дагы өзүлөрүнүн окуучуларынын үйлөрүнө барып каттап иш жүргүзүлдү.

Укук бузуучулук боюнча мектеп ичинде ар бир класстарга класстык сааттар өтүлүп дубал газеталар чыгарылды.

Мектеп окуучулар арасында зомбулук ,мектеп рекети боюнча аңгемелешүү сабактары өтүлдү.

Каникулдун астында жол кырсыктары боюнча эрежелерди сак болуу боюнча эскертүүлөр берилди жана колдорун коюшту.

Андан сырткары мектепте окуучулардын маалыматтык база жана сандык маалыматтарды РБББнө отчет аркылуу берилип турду.

Соц педагог: Талгарбекова.А.Т

# К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде «Укук бузуучулук профилактикасы»боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө маалымат. Ноябрь.2022-жыл.

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде «Укук бузуучулук профилактикасы»боюнча төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлдү:

Укук бузуучулуктун алдын алуу кеңеши өткөрүлүп,мектеп окуучуларынын коопсуздугунун алдын алуу максатында мугалимдер окуучулардын ата-энелери менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүп,сабак окууда бала үчүн шарттарды түзүп,балага өтө этият болуу керектиги жөнүндө маалымат берилди.

Окуучулардын коопсуздугунун алдын алып,ар бир окуучуга жолдо жүрүү эрежесин,коопсуздук эрежесин 1-11-класстарга окуучуларына класс жетекчилер КЭ,ЖЖЭ менен тааныштырып,ар бир окуучуга кол койдурулду.

Класс жетекчилер ата-энелер менен бирдикте иш жүргүзүп турушат.Эгерде окуучу кандайдыр бир себеп менен мектепке келбей калса мугалим үйүнө барып же телефон аркылуу себебин билип, жагдайга жараша мамиле кылынып жатат.

Мектепте "тобекел тобунда" турган окуучулар,класс жетекчинин,жана соц педагогдун көзөмөлүндө.Мектептин 11-классынын окуучусу Шайбеков Бакыт 3 күн сабакты себепсиз калтырганы үчүн окуучунун үйүнө класс жетекчиси Молдокеева Элиза Тегеналиевна жана Гульзат Ишеналыевна экөө барышса окуучу үйүндө жок экенин класс жетекчиси Тегеналиевна бизге билдирди,апасынын айтуусу боюнча үйүнөн чыгып кеткен бойдон түнү менен келген эмес. Класс жетекчиси бизге билдиргенден кийин айылдагы достору менен чогу жүргөндүгүн билип алардын үйлөрүнө барып сураштырдык андан соң апасы телефон менен үйүндө подвалда уктап жатканын билдирди ,жана мындан аары көзөмөл алабыз деп апасы убадасын берди.

Мектеп окуучуларынын сабакты себепсиз калтырган,тентек кылган окуучулар болгон жок ар күн сайын класс жетекчилер көзөмөл кылып жатышты.Чоң класстын окуучулар арасында воллейбол боюнча мектеп аралык таймашка даярдык көрүп жатышат саат14:00дөн 16:00гө чейин ойноп жатышат.

Соц.педагог: Талгарбекова.А.Т.

Мектеп директору: Чортонова.Н.Т.

№ 191
10. 12. 22

# К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде «Укук бузуучулук профилактикасы»боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар жонүндо маалымат. Декабрь.2022-жыл.

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде «Укук бузуучулук профилактикасы»боюнча томонкүдой иш-чаралар жүргүзүлдү:

Окуучулардын ден соолугунун алдын ала тургандыгы түшүндүрүлдү. Мындан сырткары "СПИД коркунучтуу дарт"Эрте турмушка чыгуу""Окуучулар арасында зордук-зомбулук"жана "Окуучулардын арасында рекет","Диний Экстремизм жана терроризм деген темадагы тарбиялык саатар отүлдү.Бул боюнча ЖЖӨИИнун кызматкери Абакирова Алина дагы лекцияларды отту.

Соц.педагог Диний экстремизм жана терроризм деген темада тегерек стол оттү.

Класс жетекчилер ата-энелер менен бирдикте иш жүргүзүп турушат.Эгерде окуучу кандайдыр бир себеп менен сабакка келбей калса, мугалим үйүно барып же телефон аркылуу себебин билип, жагдайга жараша мамиле жасалат.

Мектепте "тобекел тобунда" турган окуучулар,класс жетекчинин,жана соц педагогдун козомолүндо.

Мектеп чакан болгондуктан ашыкча тентек кылып,сабакты себепсиз коп калтырган окуучулар болгон жок.

Майыптар күнүно карата "Биз биргебиз аттуу кайрымдуулук акциясы уюштурулду жана тимурчулар командасы майыптардын үйлорүно барып оз жардамдарын корсотүштү.

Кырдаалга жараша онлайн болгондугуна байланыштуу жаңы жылдык балаты майрамы уюштурулган жок.

Окуучулардын коопсуздугунун алдын алып,жаңы жылда колдонулуучу жарылуучу заттар,пиротехникалык каражаттар боюнча тарбиялык саатар отүлүп,окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Мектеп окуучулары каникулга кетээр алдында окуучулар менен КЖ,ЖЖЭ,жарылуучу заттар жонүндо дагы бир жолу маалымат берилип ,коопсуздук эрежеси боюнча онлайн түрүндо эскертүү берилди.

Соц.педагог: Талгарбекова.А.Т.

Мектеп директору: Чортонова.Н.Т.